Адам досунун дининде болот. Ошондуктан ар кимиң ким менен дос болоруна карасын

Абу Хурайра (Аллах андан ыраазы болсун) айтат: Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Адам досунун дининде болот. Ошондуктан ар кимиң ким менен дос болоруна карасын".

[Хасан (жакшы)] [Абу Дауд, ат-Тирмизи жана Ахмад жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) адамдын жүрүм-туруму, адаттары жакын досуна окшошуп каларын айткан. Достук адамдын жүрүм-турумуна, адеп-ахлагына, иш-аракеттерине таасирин тийгизет. Ошон үчүн досту жакшылап карап тандоого чакырган. Жакшы адам досунун ыйманына, туура жолдо жүрүүсүнө жана жакшы иштерди кылуусуна далил болот жана аны колдоп турат.

http://www.sunnah.global/hadeeth/ky/show/3122